НАУКА И НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ, № 9, 2012

*Апсалиева А.Т.*

# БИОЛОГИЯНЫ ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ТААНЫП-БИЛҮҮЧҮЛҮК ИШМЕРДИГИН АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

*Апсалиева А.Т.*

# МЕТОДИКА АКТИВИЗАЦИИ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЕ БИОЛОГИИ

*A.T. Apsalieva*

# THE TECHNIQUE OF ACTIVIZATION OF COGNITIVE ACTIVITY OF STUDENTS IN THE LEARNING PROCESS OF BIOLOGY

*УДК:37:371.3:57*

*Бул макалада биологияны окутуу процессинде окуучулардын таанып – бүлүүчүлүүк ишмердигинин активдештирүү методикасы.*

Окуучулардын активдүү таанып-билүү ишмердигин уюштуруу жолу менен ишке ашкан таанып-билүүчүлүк кызыгуунун стимулданышы кубулуштардын белгилүү бир алкагын кабыл алууга чакырат жана өз алдынча окуу ишмердигине өбөлгө түзөт. Биз таанып-билүүчүлүк кызыгуунун туруктуулугу иштөөнүн ар түрдүү формалары аркылуу ишке ашуучу өз алдынча таанып-билүү ишмердиги менен аныкталат деп эсептейбиз. Окуучунун таанып-билүүчүлүк, өз алдынча ишмердигин активдештирүү аркылуу мугалим индивидуалдык мамилеге жол ачат, бул окутуунун натыйжалуулугуна оң таасир этет. Окуучунун ишмердигине жекече мамиле кылбай туруп жана өз алдынчалыгын өнүктүрбөй туруп бекем билимге жетүү мүмкүн эмес.

Окуучулардын биология предметине болгон кызыгуусун ойготуучу таанып-билүүчүлүк ишмердиги үчүн төмөнкүлөр мүнөздүү:

- өз алдынчалуулук;
- проблемалуулук;
- изилдөөчүлүк мамиле (подход);
- практикалык жумуштар.(1,4)

Таанып-билүүчүлүк өз алдынчалуулук активдүүлүктүн базасында калыптанат жана аны инсандын сапаты катары мүнөздөөгө болот. Бул баалуу сапаттарды төмөнкүдөй белгилердин жардамы менен ачып берүүгө болот:

- өз алдынча ой жүгүртүүгө умтулуу жана ой жүгүртө билүү;
- жаңы кырдаалга ориентация алууга жөндөмдүүлүк;
- өздөштүрүлүүчү билимдерди гана эмес, ал билимдерди алуунун ыкмаларын да түшүнүүнү каалоо;
- башка адамдардын пикирлерине сын көз менен мамиле кылуу;
- өз пикирлеринин көз карандысыздыгы. (2,3)

Окутуу процессинде мугалим тарабынан даярдалган ар түрдүү өз алдынча иштер колдонулат. Алар ар кыл дидактикалык милдеттерге жооп бере алышат жана жооп берүүгө тийиш: алардын айрымдары жаңы шарттарда билимдерди табууга, айрымдары практикалык колдонууга багытталышы мүмкүн, кээ бирлери көзөмөлдөөчү мүнөзгө да ээ болушу мүмкүн. Ошентип, өз алдынча иш мугалим менен окуучунун чогуу, бирге ишмердигинин формасы болуп эсептелет. Мугалим өз алдынча ишке окуучунун белгилүү бир дидактикалык милдетке ылайык аракеттеринин программасын киргизет.

Окуучу өз алдынча ишти аткарып жатып, өздөштүрүлгөн билимдерди, билгичтиктерди активдүү колдонот, мугалим болжогон чыгармачыл, активдүү ишмердикти жүргүзөт да, таанып-билүүнүн жаңы деңгээлине көтөрүлөт. Дал ушул өз алдынча иште окутуунун мазмунун, формаларын, аткаруу талап кылынган окуу ыкмаларын ырааттуу чечмелөө зарыл. Окуучунун ар бир өз алдынча иши окутуунун айкын дидактикалык максаттарына багытталууга тийиш. Конкреттүү окуу маселесин чыгарып, өзүндөгү билимдерди активдүү колдонуп жатып, окуучу таанып-билүүнүн эң маанилүү куралдарына ээ болот, жөнөкөй жана элементардык ыкмалардан тартып, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн комплексин талап кылуучу татаал ыкмаларга чейин өздөштүрүүнүн жолун басып өтөт.

Окуучуну зарыл болгон таанып-билүүчүлүк жана практикалык билгичтиктер менен куралдандыруудан тышкары, өз алдынча иш уюштуруучулук билгичтиктердин өнүгүшүнө да көмөк көрсөтөт, бул өз кезегинде окуучуга өз алдынча ишти пландуу түрдө жана жакшы натыйжа менен ийгиликтүү аткарууга мүмкүндүк берет. Окуучунун уюштуруучулук билгичтиктеринин кору (фондусу) ага өз алдынча билим алууга даярданууга мүмкүндүк берет, сабактын чегинен тышкаркы билимдерди өз алдынча өздөштүрүүнүн, кийинчерээк тандап алынган илим боюнча өз билимдеринин багажын чогултуунун кеңири мүмкүнчүлүктөрүн ачып берет. (1,2,3) Өз алдынча иш педагогикалык жактан максаттуу тандалган учурда жана окуу процессинде туура жайгаштырылган учурда таанып-билүүчүлүк кызыгуунун өнүгүүсүнө сөзсүз түрдө оң таасир берет. Аны өз учурунда окуу процессине киргизүү, сабак учурунда өз алдынча иштердин өз ара байланышынын ырааттуу структурасы өз алдынча иштин билимге кызыгууга кылган таасирин күчө-

түүнүн олуттуу фактору болуп эсептелет. Окуучулардын сабак учурундагы өз алдынча ишинин окуучунун таанып-билүүчүлүк кызыгуусун, активдүүлүгүн жана инсандыгын өнүктүрүүнүн башкы стимулятору катары проблемасы мугалимден өз алдынча иштин мазмунун, анын формасын тандоо боюнча, аны таанып-билүүчүлүк процесстин дидактикалык багытына жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыктоо боюнча, ошондой эле ал өз алдынча иштин окуу процессинин жалпы структурасындагы ордун аныктоо боюнча кылдат жана терең иштөөнү талап кылат.

Таанып-билүүчүлүк өз алдынча иш сабакта гана эмес, үйдө да жүргүзүлүп, көп убакытты жана эмгекти талап кылат. Билимдерди андан ары аңдаптүшүнүүгө, тереңдетүүгө жана бекемделүүгө багытталган окуу китеби жана илимий адабияттар менен иштөө үйдөн өз алдынча иштөөгө кирет. Окуу китеби менен иштөө негизги түшүнүктөрдү бөлүп алууга, терминдерди жана корутундуларды түшүнүүгө багытталат, бул материалды терең жана ирээттүү өздөштүрүүгө көмөктөшөт. Билимдерди системалаштырып, окуучу өтүлгөн материалды бекем эске тутууну ишке ашырат. Окуу китеби менен иштөөнүн аягында окуучу өзүн өзү көзөмөлдөөнү, түйүндүү суроолорду өз алдынча коюуну өз алдынча жүргүзөт.

Өз алдынча иш лабораториялык сабакка даярданууда да жүргүзүлөт. Лабораториялык сабак окуучу ишти аткаруунун ырааттуулугун өздөштүргөн жана теориялык материалды кайталаган учурда гана максатына жетет. Мында өзүнө өзү байкоо жүргүзүүгө чоң көңүл бурулат, анткени бул учурда окуучу өзүн өзү тартипке салат, кошумча адабияттарды колдонуп өз билимдерин кеңейтет жана тереңдетет. Илимий адабияттар менен өз алдынча иштөө теориялык билимдерди өздөштүрүүгө жана башкы идеяны бөлүп алуу, план түзүү, конспект жазуу билгичтиктерин калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Таанып-билүүчүлүк өз алдынча ишке реферат жазуу да кирет. Бул иш берилген тема боюнча адабияттар менен ар тараптан таанышууга көмөктөшөт. Рефератты жазууда окуучу теориялык негиздерди толугураак үйрөнөт, китеп менен иштөө көндүмдөрүн калыптандырат, сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт жана илимий негизде анализдөөгө үйрөнөт.

Дифференцияланган карточкалар боюнча өз алдынча үй тапшырмасын аткарып жатып, окуучулар өтүлгөн материалды кайталоого жана кошумча илимий адабияттарды үйрөнүүгө мажбур болот, бул таанып-билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүүгө гана эмес, ой жүгүртүүдөн канааттануу алууга да алып келет.

Окуучулардан активдүү изденүүнү, чыгармачылык чечим чыгаруунун жалпыланган билгичтиктерин колдонууну талап кылган өз алдынча иштерди кеңири колдонуу – окуучунун билим алууга кызыгуусун жана таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн эң маанилүү стимул.

Методикалык адабияттардын анализи жогорку класстардын окуучуларынын өз алдынча ишке карата мамилеси окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердигинин активдүүлүгү алардын маселелерге, иштин мазмунуна жана мүнөзүнө карата мамилесине көз каранды экенин айтууга негиз берет. Жогорку класстын окуучулары өз алдынча иштин инсандык өнүгүү жана өз жөндөмдөрүн байытуу үчүн зарылчылыгын түшүнүп, олуттуу мамиле жасашат.

Ошентип, өз алдынча иштин натыйжалуулугу окуучунун ишти аткаруу учурындагы оң ой жүгүртүү, канааттануу, сыймыктануу сезимдери менен камсыз болот.

Таанып-билүүчүлүк кызыгуунун өнүгүшүнө изилдөөчүлүк метод чоң таасир этти: мында окуучулар үчүн билимдерге керектөө жарала турган шарттар түзүлүп, ал билимдерди өздөштүрүү өз алдынча иштөө жолу менен жүргүзүлөт. Окуучулар практика жүзүндө билимдерди иштеп чыгышып, ушунун өзү менен материалды терең аңдаптүшүнүүнү ишке ашырышат.

Андан тышкары, предметке карата кызыгууну өнүктүрүүгө окуучунун инсандыгын калыптандырууга жардам берүүчү проблемалык кырдаалдар олуттуу таасир этишет. Проблемалык кырдаалдар окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жана теориялык билимдерге кызыгуусун өнүктүрүүгө, аларды сунушталган адабияттарды үйрөнүүгө чакырууга багытталган. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана мурунку изилдөөчүлөрдүн тажрыйбасы проблемалык кырдаалдардын тарбиялоодогу жана таанып-билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүүдөгү чечүүчү ролун көрсөттү. 9-класстагы биология сабагында активдүү таанып-билүүчүлүк ишмердик гана окуучулардын таанып-билүүчүлүк кызыгуусун өнүктүрүүгө жөндөмдүү.

Таанып-билүү ишмердигин активдештирүү жана билимдерди чыгармачылык колдонуу төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- илимий ынтызарлыкты ойготуу;
- чыгармачылык тапшырмалардын системасын иштеп чыгуу;
- окуучуларга жекече мамиле.

Биздин оюбузча, таанып-билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүүдө биологиянын мазмуну менен аныкталган окутуу методдору да олуттуу мааниге ээ. Туура тандалган методдор окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет. Окуунун окууну каалабагандыгы көп учурда билимди өздөштүрүүнү билбегендиги же өтө начар билгендиги менен байланыштуу. Адабияттардын анализи бизге методдордун төмөнкүдөй функцияларын ажыратууга мүмкүндүк берди:

- ➢ окууга оң мамилени чыңдап, козгогуч таасир берет;
- ➢ окуучунун активдүүлүгүн жана чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрөт;
- ➢ инсандын оң сапаттарын жана касиеттерин тарбиялайт;
- ➢ коюлган маселени чечүүнүн ыкмаларын тандап алууга көмөктөшөт.(1,2,3)

Биз методдор окутуу процессине көңүлдү

бурдуруунун ыкмаларынын бири деп эсептейбиз. Көңүл буруу (кунт коюу) – берилген убакыт үзүмүндө субъектинин ишмердигинин кайсы бир объектиге (предметке, окуяга ж.б.) топтолушу. Көңүл буруу эрктүү жана эрксиз (эрктик аракеттерсиз) болуп бөлүнөт. Методдорду айкалыштыруу аркылуу педагог эрксиз көңүл бурууну кармап турууга аракет кылат, бул таанып-билүү процессин жеңилдетип, аны жагымдуураак кылат. Психологиялык адабияттардын негизинде эрксиз көңүл буруунун үч себеби ажыратылат:

- ✓ жаңычылдык;
- ✓ иликтенип жаткан объектилер жана аткарылып жаткан ишмердик менен байланышкан сезимдер;
- ✓ белгилүү бир таасирлер, эсте калган окуялар. (1,2)

Методикалык адабияттардын анализи окуучулардын продуктивдүү жана репродуктивдүү ишмердигин окутуунун маанилүү бөлүгү катары эсептөөгө негиз берет.

Окуучулардын продуктивдүү ишмердиги сабактагы ой жүгүртүү ишмердигин активдештирүүгө көмөктөшүп, окуучунун акыл-эс жөндөмдөрүн ачып берүүгө мүмкүндүк берет. Активдүү ишмердиктен улам окуучулар алгачкы медициналык жардам көрсөтүү боюнча көндүмдөргө ээ болушат, өз организмдерине практикалык иштерди жасашып, байкоо жүргүзүшөт, бул окуучулардын биология предметине кызыгуусун жаратат. Окуучулардын биологияны үйрөнүүдөгү активдүү ишмердиги таанып-билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүүгө жардам берет.

Өз алдынча жана чыгармачылык менен билимге ээ болууга умтулуу, акыл-эстин, элестетүүнүн сынчылдыгын, фантазияларды, кыялдарды талап кылган тапшырмаларды аткарууга умтулуу – окуу предметине кызыгуунун жаралышынын милдеттүү шарттары мына ушулар.

Мурунку изилдөөчүлөрдүн тажрыйбасын системалаштырып, биз сабактын ар түрдүү моделдери окутуу процессинде окуучулардын активдүүлүгүн камсыз кылат, бул ынтызарлыктын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүп, андан ары предметти үйрөнүүгө туруктуу кызыгууга өтүшү мүмкүн деп эсептейбиз. Таанып-билүүчүлүк кызыгуунун өнүгүшүнө лекция-проблема сабактары жардам берет, мындай сабакта даяр билим гана албастан, коюлган белгилүүбир проблеманы сабакка даярдануу учурунда кошумча адабияттарды колдонуу аркылуу чечишет.

Сабак-оюн өзгөчө орунда турат. Сабак өтүүнүн бул формасы окуучуга өзүнүн акыл-эс жөндөмүн максималдуу көргөзүүгө жана классташтарынын алдында өзүнүн аброюн көтөрүүгө мүмкүндүк берет. Даярданууга чоң маани берет, анткени окуучулар өздөрү үчүн эң кызыктуу маселени иликтешет. Даярдоо этабынын жүрүшүндө окуучулар башка окуучулардын көңүлүн бурушат жана өз ойчабытын кеңейтишет. Бул учурда кызыгуу убактылуу же туруктуу болушу мүмкүн.

Арийне, окутуунун эң активдүү формаларынын бири болуп семинар эсептелет, анда окуучулар акыл-эс жөндөмдөрүн көрсөтө алышат. Өтүлгөн материалды анализдеп, системалаштырып жана жалпылап, окуучулар проблеманы чечүүгө тереңдеп киришет да, карама-каршы маалыматтарды карап жатып, өз божомолдорун айтышат, аларды негиздешет.

Окутуунун активдүү методдору окуучулардын таанып-билүү ишмердигине түрткү беришет, бул окуучулардын кыйынчылыктарды жеңип өтүп билим алууга умтулуусун жаратат. Окуучуларда ой жүгүртүүнү, эркти, жөндөмдөрдү, шыкты, кызыгууну өнүктүрүүчү окуу ишмердигин рационалдуу куруу белгилүү бир «активдүү» методду универсалдаштырууну билдирбестен, курактык өзгөчөлүктөргө жана материалдын мазмунунун спецификасына эң ылайыктуу болгон ар түрдүү методдорду колдонууну билдирет.

Окутуунун бардык көп түрдүү ыкмалары, методдору жана формалары окуучуларды өз алдынча билим алууга багытталган активдүү таанып-билүү ишмердиги менен камсыз кылууга жөндөмдүү. Өз алдынча таанып-билүү ишмердиги сабакта алынган билимдерди активдүү кабыл алууну, кайра аңдап-түшүнүүнү, тереңдетүүнү жана кеңейтүүнү камсыз кылат.

Таанып-билүү ишмердиги ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатат жана окуучулардын интеллектуалдык жөндөмүн ачууга мүмкүндүк берет. Андан тышкары, максаттуу таанып-билүү ишмердигин жүргүзүүдө окуучулардын таанып-билүүчүлүк кызыгуусун башкарууга жол ачылат.

Биология предметин таанып-билүүнүн активдүү методдору окуучуларда билим алууга оң мамилени тарбиялайт, аларда билим өздөштүрүүгө карата кызыгууну жаратып, бекемдейт. Окуучулардын кызыгуусу окутуу процессинде алардын кандай билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуп жатканы менен да аныкталат.

**Адабияттар:**


1. Щукина Г.И. Педагогические проблемы формирования познавательных интересов учащихся. М.: Педагогика, 1988-203с.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Б.: “Бийиктик”, 2011, - 384б.
3. Бабаев Д.Б., Шентурк С. Профилдик багыттагы мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү. –Б.: 2012. -160б.
4. Апсалиева А.Т. Развитие познавательного интереса и активизация учебной деятелньости учащихся на уроках биологии. С.4-8. // В сборнике научных трудов НГУ им.С.Нааматова. –Б.: Айат.2011. -48с.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Сияев Т.М.**